*Дуйшенбиева Д.*
*Международная Академия Управления, Права, Финансов и Бизнеса*

# МЕКТЕП КУРСУНДА «ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИН» ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ
(1-макала)

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ «ОРХОНО-ЕНИСЕЙСКИМ ПИСЬМЕННЫМ ПАМЯТНИКАМ» В ШКОЛЬНОМ КУРСЕ
(1 статья)

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Байыркы түрктөр, кыргыз каганаты, ташка чегилген жазуулар, Алтай, Саян тоолору, Энесай дарыясы, Могилян каган, теңир, кичи жазуу, чоң жазуу, Иртыш дарыясы.*

***Ключевые слова:*** *древние тюрки, кыргызский каганат, письмена, высеченные на камне, Алтайские, Саянские горы, река Енисей, каган Магилян, Тенгри, малые письмена, большие письмена, река Иртыш.*

Республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде адабиятты окутуу боюнча программанын акыркы редакциясында (1:25) системалуу курстун элементтерин ичине камтыган адабияттык окуу курсунун VIII классында “Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери жана оозеки көркөм мурасы” деген жалпы ири теманын астында “Байыркы Орхон-Энесай жазма эстеликтери” жөнүндө жалпы маалымат берүүгө 1 саат каралган. Киришүү сабакта окуучулар байыркы доор жана кыргыз эли, Орхон-Энесай жазуулары – кыргыз элинин байыркы маданиятынын күзгүсү, таш бетине жазылган сырлардын ачылыш тарыхы, тексттердин маани-мазмуну, жазма эстеликтердин тексттеринин тилдик өзгөчөлүктөрү, алардын азыркы кыргыз тили менен алака-катышы тууралуу обзордук маалымат алышы керек.

Мугалимдин обзордук маалымат берүүчү киришүү сабагындагы айтаар аңгемесинин мазмуну болжол менен төмөндөгүдөй болушу керек: Биздин замандын 682-жылы Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын орнотулушу менен кыргыздар түрктөргө каршы бирикменин курамында Бор-бордук Азиядагы үстөмдүк кылуу үчүн күрөшкө активдүү катышып баштайт. Ал учурда Кыргыз мамлекетинин башында ажо Барсбек турган. Кыргыздардын кубаты артып баратканынан чочулаган түрк каганы Капаган агасы Кутлугдун (Илтериш каган) кызын Барсбекке аялдыка берип, каган атап, ага Ынанчу Алп Билге титулун берген. Буларды кыйратмайын баарибир тынч жашоо жок экенин Барсбек каган жакшы түшүнгөн. 709-жылы Кытай императору, түргөштөрдүн ханы жана кыргыз өкүлдөрү биригип алып түрктөргө каршы коалиция түзүлүп, түрктөрдүн айласы кете баштайт. Экинчи Чыгыш Түрк каганатын кыйроодон башкы кеңешчи жана даңазалуу аскер башчы Тонукөктүн айлакерлиги, тапкычтыгы, Капаган каган менен баатыр Күлтегиндин чечкиндүүлүгү сактап калат. 710-жылдан 711-жылга караган кышта кагандын аскерлери өтүүгө мүмкүн эмес делген Саян тоолорун ашып өтүп, кыргыздарга күтүүсүз сокку урат. Кыргыздар жеңилип, Барсбек каган каза болот. Борбордук Азиядагы саясий окуяларга кайрадан жигердүү аралашууга кыргыздар Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын 745-жылы уйгурлар тарабынан талкаланышынан кийин гана мүмкүнчүлүк алат. Бирок жаңы ирденип келаткан Кыргыз мамлекетин ошол эле уйгурлар 758-жылы басып алышат. Уйгурлардан көз карандылыгы түрктөрдүн зомбулугунан алда канча оор болуп, жыйынтыгында кыргыздар жарым кылымдан ашуун убакытка артка сүрүлүп ташталат. 818-жылы барып гана кыргыз ажосу өзүн каган деп жарыялайт. Мындай кадам уйгурларга каршы согуш жарыялаганга тете болгон. 820-жылы уйгурлар кыргыздарга каршы аскер жөнөтүшөт. Бул учурда Кыргыз каганаты кыйла күчтөнүп, аскер кошууну жүз миңге жетип калган. Жыйырма жылга созулган айыгышкан согуштардан кийин кыргыздар уйгурлардын таш-талканын чыгара талкалап, 843-жылы алардын Аньси, Бешбалык деген башкы шаарларын каратып алышат. Ошентип, академик В.В. Бартольд адилет, калыс белгилегендей, кыргыздардын күчтүү мамлекеттүүлүгү – улуу державасы (каганаты) түзүлүп, ал IX - X кылымдарда, тагыраак айтканда, IX кылымдын жыйырманчы жылдарынан X кылымдын онунчу жылдарына чейинки мезгил аралыгында бийлигин жүргүзүп турган. Улуу Кыргыз мамлекети Энесайдан Теңир-Тоого (Тянь-Шань) дейре созулуп, азыркы Чыгыш Түркстанды кошо камтыган болучу. Уйгурларга каршы улуу держава учурундагы акыркы жортуулун кыргыздар 904-жылы жүзөгө ашырган, бирок жеңишке жетише алышкан эмес. 916-924-жылдары кара кытайлар монгол жергесине жортуул жасаганда, ал жерден кыргыздарды кезиктире албаган. Кейпи, көп жылдарга созулган кыргындуу согуштардан начарлаган кыргыздар кара кытайларга олуттуу каршылык көр-

сөтө албашына көздөрү жетип, артка чегинишсе керек. Ошентип, кыргыздардын улуу державалык доору аяктаган.

Орхон-Энесай эстеликтеринде энесай кыргыздарынын, ошондой эле көк түрктөрдүн башка элдер менен болгон алака-катыштары, алектенген иштери, жүргүзгөн согуштары баяндалган. Ал жазуулар тектик (жанрдык) бөтөнчөлүгү боюнча эскерүүнү, кошокту, арман ырларын, ал гана эмес бүтүн бир эпосту эске салат. Бул жазууларды улуттук жазма адабиятыбыздын башаты катары кароо толук мүмкүн. Ошондой жазма адабият үлгүлөрүнөн Барсбектин, баатыр Күлтегиндин, башкы кеңешчи Тонукөктүн эстеликтериндеги жана башка ондогон жазуулар биздин күндөргө жетип отурат. Көк түрктөр эл катары түп орду менен небак жоюлуп кеткен. Анткен менен алардын башкы каршылашы, жоолашкан душманы кыргыздар бүгүнкү күндө өз алдынча өлкө, улут катары мамлекеттүүлүгүн андан ары өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн алып отурат. Демек, Орхон-Энесай жазма эстеликтери андагы ошончо көп элден, уруулардан калганы жалгыз кыргыздар болгону үчүн да бизге көбүрөөк тиешелүү. Бул багытта чоң эмгек сиңирген окумуштуулар В.Л. Томсен менен В.В. Радлов убагында биринчилерден болуп эстеликтердеги жазуулардын кыргыздарга тийиштүү экенин белгилешкен болчу. Көрүнүктүү түркolog С.Е. Малов да Орхон-Энесай жазуулары басымдуу кыргыздарга таандык деген пикирде болгон.

Таш эстеликтердеги жазуулардын ичинен Барсбек каганга арналгандары кыргыздарга гана тийиштүү, ал байыркы кыргыз тилинде жазылганына бүгүн эч ким шек санабайт. Түргөштөргө капыстан бастырып өлүм тапкан Барсбек каганга арналып кийинчерээк атайын эстелик тургузулуп, андагы таштын бетине анын ким экендигин, тирүүсүндө жасаган иштери туурасында кыскача баяндалган. Барсбекке арналган ал жазуулар анчалык деле көлөмдүү эмес, бирок ошол чакан тексттен эле анын эл атасы, баатыр, мыкты кол башчы болгону ачык көрүнүп турат. Текст эстелик таштын үч тарабына чегилген. Аны орус түркологу Сергей Григорьевич Кляшторный чечмелеп окуп, орус тилине которгон. Кыргыз тилине Төлөн Насирдинтегин мындайча көркөмдөп таржымалдаган:

1. Энем мени он ай көтөрдү! Ал мени элиме тартуулады. Мен эрдик менен жашадым, түркүк болдум.

2. Мен калың жоого катуу тийип салгылашып, бирок элимин өзөгүн өрттөп, андан бөлүндүм. Аттиң!

3. Ингендерге артып, агаларыңызга, инилериңизге тартуу-таралгаларды жөнөтүп турдуңуз.

4. Мен, Барс, жердеги эрдигиме, иштериме жете канбай кеттим!

5. Сиз атасыз өсүп, эр болдуңуз! Тайгандарыңыз илбээсиндерди сундура кууганда, жаныбыздан зуулдап өтчү элеңиз! Мүрт (ажал), сен инилериң менен кошо чири! О, Барс, бизди таштап кетпе! Аттиң!

6. Биздин аты-жөнүбүз Умай бегинен. Биз уялаш эрлербиз. Алты эркекти сага кошо койбодук! Күлүгүңү, үч идишиңи өзүңө кошо койбодук! О, кымбатым! О, берекем! Бизди таштаба! Биз (мурда) кубанчубуз.

7. Алтын Сунга токоюнун кийиктери, жер жайнап тукумдай бергиле! Менин Барсым жылкыларын, букаларын, жер үстүн таштап кете берди! Аттиң!

8. Биз асылзат төрт агаин элек. Бизди Эрклиг (жер алдынын ханы, ажал) айрыды. Аттиң!

9. Бул эстелик менин эрдигимин урматына, агаларымын, инилеримин атагы үчүн орнотулду.

Байкалып тургандай, жазуулар бирде Барсбектин өлөрүндөгү өз керээзи, бирде жакын адамдарынын ал тууралуу арман-күйүтү сымал кабылданат. Бул чыгармачылыктагы кандайдыр салттуу көрүнүш же атайын иштелген көркөм ыкма сыяктуудай. Эгер жазма эстеликтердин профессионал жазма адабиятыбыздын башаты катары кабыл алуу керек экенин эске алсак, анда жоктоо, кошок жанрындагы чыгармадагы баяндоону антип жагын өзгөртүп, аралаш берүү ыкмасы кандайдыр максаттуу, аң-сезимдүү пайдаланылгандай. Өкүнүчтүүсү, антип көркөмдөп иштелген тексттин автору ким экени, кандай адам болгону белгисиз. Акыркы эле убактарга чейин каган Барсбектин ысымын «Күлтегин» дастанынын 20-түрмөгүнөн гана кездештирчү элек, минтип эми С.Г. Кляшторный тактап окуп, туура которуп бергени, буга чейин анча эске алынбаган, такыр эле унутта калып бараткан улуу бабабыздын даңазасы кайрадан жаңырылып, мындан аркы сыймыктанып жүрөөр туубуз катары өз ордун тапкансыды.

Айтылгандарды бекемдеп алуу максатында, мугалим даярдап алган бир нече суроолорун берет. Аларга туура жоопторду алса жакшы, жок, канаатанарлык жоопторду ала албаса, анда өтүлгөн материалдарды кайрадан өз алдынча окуп, тереӊ түшүнүп, өздөштүрүп алаарын табыштап, мындай учурда өзү туура багыттарды берип олтурушу шарт. Кандай болгон күндө да мугалим окуучуну ээрчитип, багыт гана берип, анын өзүнүн пикирин билдирүүсүнө алып барышы керек. Ал эми канааттандырарлык деп тапкан жоопторду өзү толуктап, андан кийин гана тапшырмаларды бергени дурус.

Өтүлгөн материалдарды бышыктоо үчүн берилген мугалимдин суроолорунун болжолдуу варианттары мындай болушу мүмкүн:

▪ Кыргыздар Энесай аймагында, Алтай, Саян тоолорунун этектеринде кайсы кылымдардын баштап отурукташа баштаптыр? Кыргыздардын алгачкы мамлекеттүүлүгү тууралуу, Барсбек каган тууралуу эмнелерди айта аласыңар?

▪ Кыргыздардын улуу мамлекеттүүгү тууралуу эмнени билесиңер? Ал кагандык эмне себептен узак жашай алган эмес?

▪ Орхон-Энесай жазуулары ошондогу түрк урууларынын ичинен кыргыздарга көбүрөөк тиешелүү дегенге кандай карайсыңар? Буга кандай далилдерди келтирүүгө болот?

Мугалим сабагынын соңунда төмөнкүдөй тапшырмаларды берет:

1. Кошумча булактардан кыргыздардын байыркы тарыхына байланыштуу маалыматтарды таап, конспектилегиле.

2. Жазуучу Т. Субанбековдун «Каратүлөк чоронун эрдиги», «Барсбек кагандын көрөр көзү» аттуу романдарын, Аман Газиевдин «Барсбек – кыргыздардын каганы» повестин окуп чыгып, Барсбектин эстелигиндеги жазуулар, тарыхый маалыматтар менен салыштыргыла.

3. Кыргыздардын IX–X кылымдардагы улуу мамлекеттүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды топтоп, «Байыркы кыргыздардын улуу мамлекеттүүлүгү» деген темада доклад даярдагыла.

Мектеп курсунда адабият сабагын, анын алкагында, байыркы Орхон-Энесай руникалык жазма эстеликтерди түрк урууларынын орток адабий мурасы катары окутуу ишинде, мугалим, педагогика, жалпы дидактика, окутуунун жеке предметтик технологияларынын талаптарын жетекчиликке алышы зарыл. Адабиятты окутуунун соңку учурларда кайрадан иштелип чыккан концепциясынын негизги талаптарын жетекчиликке алган мугалим жаңылышпайт. Ал талаптар төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт: Адабият боюнча ар бир сабакка окутуу (билим берүү), тарбия берүү жана окуучунун алган билими менен билгичтиктерин бышыктоо, аны андан ары өнүктүрүү милдеттеринин коюлушу, булардын өз ара байланышы, биримдиги; адабият сабагынын бүтүндүгү (Е. Ильиндин методундагы целостность урока, нескольких тем или циклы), адабий окуу материалын өздөштүрүүнүн ырааттуу, толук бүткөрүлгөн циклы же блогу катары көрүнөт; адабият сабактарында ар бир окуучунун жеке инсанына карата гумандуу мамиледе болуу; окуучунун таанып-билүү кызыкчылыгынын (мотивация) деңгээлин, акыл активдүүлүгүн арттыруу кырдаалын түзүү, аны ар дайым кармап туруу; сабакта адабиятты окутуунун ар кандай методдорун, жаңы технологияларын кеңири пайдалануу, алардын улам кийинки сабакта жаңысын ойлоп табуу; адабият сабагы учурундагы мугалимдин такай көзөмөлүнүн ийкемдүү жана формалдуу эмес системасы, андай көзөмөлдүн окуучунун эркиндигин чектебеген абалда болушу; айрым темаларды окуучунун өздөштүрүүсүнө татаалдык жаратакан (айталы, Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин текстерин) учурлардын ийгиликтүү деп табылган учурлар менен айкалыштыруу; адабият сабактарында окуучу алган теориялык билимдин турмуштук практика менен тыгыз байланыштуулугу; адабият сабактарынын системалуулугу, предметтин темалары бири-экинчиси менен логикалык тыгыз байланышта, бирин-экинчиси толуктап тургандай ырааттуулукту сактоо (айталы, түрк элдеринин байыркы жазма эстеликтери – Орхон-Энесай руникалык жазма эстеликтер – түрк каганаты жана байыркы кыргыз дөөлөтү – Күлтегин эстелиги – кичи жазуу – көлөмдүү жазуу – орто кылым түрк адабий-маданий мурастары – Огуз каган жөнүндөгү дастан – онунчу кылымдардагы “Кут алчу билим” – “Коркут ата китеби – түрк тилдеринин сөз жыйнагы).

Ысымы жалпыга белгилүү адабиятчы практик мугалим Е.Н. Ильин мектеп курсундагы адабият сабагын окуучунун түпкүлүгүндө Адам, Инсан болуп калыптанышына түздөн-түз көмөк болуучу өнөр сабагы (искусство) жана адеп-ахлактык курс катары карайт. Адабият сабагы – бул адамды, инсанды калыптандыруучу процесс, сабак – бул мугалимдин жөн гана жумушу эмес, бул жагымдуу мамиле менен алака-катыш, бул – жөн гана окуу сабагы эмес, бул – искусство, адабият сабагы – бул расписаниедеги катардагы эле сабак эмес, бул – жашоонун, окуучунун жеке турмушу, анын кыялы, ой-мүдөөсү менен келечеги... адабият сабагы – бул аргуметтер менен фактылардын жыйындысы эмес, бул укмуш ачылыштар, татаал тагдырлар, андагы жаза басуулар менен ийгиликтер, кайгы менен касирет...

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Бектурсун Алымовдун пикиринде, адабият сабагы – бул искусство, ал эми скусство кеңири маанидеги түшүнүк. Анын ар кыл түрлөрү бар. Искусствонун кандай гана түрү болбосун, анда айтайын деген ой (идея) образ аркылуу берилет. Бул – искусствонун ар кандай түрүнө ортоктош мүнөздүү белги. Демек, искусство чыгармаларында окуялар менен көрүнүштөр жалпылаштырылат, адам мүнөздөрү типтештирилет. Биз билип, көрүп жүргөн кадыресе эле адамдар жазуучу, композитор, сүрөтчүнүн кыялында, чыгармачыл өнөрканасында көркөм образ болуп кайрадан жаралат. Ал образдар оң-терс, жакшы-жаман, кыял-жоруктары менен көрсөтүлүүгө тийиш. Искусство өнөрүнүн ар биринин өзүнчө туюнтуу “тили” бар. Музыканын тили жети гам-

мадан турган дабыштарда, сүрөттүкү (живопись) – боёк, кинонуку – фотосүрөттөр, адабияттыкы – өз". Демек, мектеп курсундагы адабият сабактары сөз өнөрүнүн күчү менен ошончолук таасирдүү сабактар болушу керек.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү кыргыз мектептеринин V–XI класстары үчүн. – Б., 2011. -25 бет.
2. Гумилёв Л.Н. Байыркы түрктөр. –Бишкек, 1999. -524 б.
3. Жумагулов Ч. Кыргыздарда жазуу болгонбу? //Кыргызстан маданияты, 1990.
4. Абдыразаков А. Алтынчы-тогузунчу кылымдардагы поэтикалык эстеликтер. Окуу куралы. –Бишкек: КМУ, 1993.
5. Абдыразаков А. Орхон-Енисей баыйркы турк жазуулары жана рух башаттары. Окуу куралы. –Бишкек: Бийиктик, 2004. -87 б.
6. Абрамзон С.Н. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары.–Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999. -896 б.
7. Адабият программасы. Кыргыз орто мектептеринин VIII - X класстары үчун. –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1947. -35 б.
8. Бернштам А.Н. Енисей кыргыздарынын биздин замандын VI – X кылымдарындагы коомдук-экономикалык түзүлүшү. Китепте: Кыргыздар II том. –Бишкек, 1991, 279-293-беттер.
9. Бичурин Н.Я. Енисей кыргыздары тууралуу. Китепте: Кыргыздар II том. –Бишкек, 1991. -453 б.
10. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. –Москва-ленинград, 1952.
11. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. –Москва-Ленинград, 1951. -451 б.
12. Стеблева И.Я. Поэтика древнетюрской литературы и её трансфор-мация в раннеклассический период. –Москва, 1976. -240 б.
13. Сыдыкбеков Т. Култегин эстелигиндеги ташка чегилген жазуу. Китепте: Мезгил сабактары. –Фрунзе: Кыргызстан, 1982, 18-43-беттер.
14. Ильин Е.Н. Предисловие. В кн.: Кан-Калик В.А., Хазан В.И. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе. – М.: Просвещение, 1988.
15. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окуунун методикасы. Экинчи китеп. – Фрунзе: Мектеп, 1984.